**К ОБСУЖДЕНИЮ**
**7.02.2014.**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДИН МАДАНИЯТЫНЫН ТАРЫХЫН ОКУТУУ КОНЦЕПЦИЯСЫ

**(Долбоор)**

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министрлигинин тапшырмасы менен Кыргыз Республикасында дин маданиятынын тарыхын окутуу концепциясы иштелип чыкты жана ал акырындап, этап этабы менен дин тууралуу билимдерди Кыргызстандагы диний эмес (светтик) жалпы орто билим берүүгө интеграциялоо максатын коет.

**Мазмуну**


**Киришүү**

**1. Жалпы жоболор**

**1.1.** Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуу пландарына «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизүүнүн социомаданий жана укуктук негиздери.

**1.2.** Жаңы «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизүүнүн максаты, милдеттери жана принциптери.

**1.3.** «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмуну жана структурасы.

**1.4.** «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну уюштуруу.

**1.5.** «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча мугалимдерди окутууга жолдомо берүүнүн шарттары.

**2. «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмуну жана аларды стандартташтыруу.**

**3. Жаңы «Дин маданиятынын тарыхы» курсун жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына киргизүү боюнча иштерди пландаштыруу.**


## КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасы азыркы күндө өз тарыхындагы кыйла карама-каршылыктуу жана татаал этапты башынан өткөрүп жатат. Коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, идеологиялык кайра куруулар коомдун жана мамлекеттин жашоосунун бардык чөйрөлөрүнө, ошонун ичинде, диний кырдаалга олуттуу таасирин тийгизди.

Диний уюмдардын статусун жаңы мыйзамдар менен бекемдөө, өлкөдөгү мамлекетттик-конфессионалдык мамилелердин радикалдуу өзгөрүүсүнүн көрсөткүчү болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» (1991-ж.) Мыйзамы, Конституциянын жоболору жана башка мыйзам актылары, жарандардын динге ишенүү же ишенбөө эркиндигине тиешеси бар мыйзамдык базаны эл аралык укуктук нормалар менен шайкеш келтирди.

Динге коомдун өнүгүүсүнө тоскоолдук кылган, саркынды көрүнүш, «элдин башын айландырган апийим» катары караган официалдуу мамиле, аны маданий-тарыхый феномен катары тааныган мамиле менен алмашылды.

Республикадагы мамлекеттик-диний мамилелердеги ашыкча либерализм, коомдун конфессионалдык структурасынын олуттуу өзгөрүүсүнө алып келди. Дүйнөлүк диндердин өкүлдөрүн гана эмес, мурда белгисиз, ал гана эмес чет өлкөлөрдө тыюу салынган коомдордун, деструктивдик деноминациялардын жана оккульттук диний ишенимдердин, алардын арасында, кубаттуу финансылык саясат жүргүзө алган: Кришнанын (Вайшнаванын) аң сезими Коому, Мун бирикмесинин Чиркөөсү, Фалунгунь, Ак бир туугандык, Махаришиге сыйынуу, мормондор, сатанисттер ж.б. пайда болушуна алып келди.

«Диний билим берүү жана диний окуу жайлар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата маалымкат-негиздеме билдирилгендей: «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын маалыматтары боюнча бүгүнкү күндө бүткүл республика боюнча 1648 мечит, 46 православный храм, иуда жана будда жамааты, ошондой эле 30 христиан храмы, анын ичинде 15 протестант багытындагы храм бар, 1800 ислам жана 300 христиан уюму иштейт. Кыргызстанда ошондой эле сатанисттер, Ак Чиркөө, кришнаиттер, Мун чиркөөсү, Фалунгун өкүлдөрү жана башка секталардын өкүлдөрү иштейт. Мындан тышкары Хизбут-Тахрир, Өзбекстандын ислам кыймылы (ИДУ), Акромия сыяктуу экстремисттик багыттагы жашыруун иштеген уюмдар бар. Секталар менен агымдардын так саны ушул убакка чейин белгисиз».

Жалпы эле коомдогу терең руханий кризистин, мамлекеттик деңгээлдеги улуттук идеологиянын иштелип чыкпагандыгы, ар кандай экстремисттик диний агымдардын активдешүүсүнө шарт түзүүдө. Ушундай кырдаалдан пайдаланышып, «Хизб ут-Тахрир аль Ислами», «Өзбекстан Ислам Кыймылы» («ИДУ»), «Акромия» сыяктуу, тыюу салынган партиялар жана кыймылдар активдешип, исламдын саясатташуу проблемасы тынчты алууда. Ата мекендик дин илиминин көп жылдык традициясынын, коомдук турмушка аралашуу тажрыйбасынын жетишсизигинен улам, диний факторду саясий, жеке кызыкчылыктар үчүн колдонуу аракеттери да пайда болууда.

Жарандардын коомдук жана саясий жүрүш-туруштарына дин бир жактуу эмес таасир тийгизип жатат. Дин түрдүү социалдык жагдайларда коомдогу стабилдүүлүктү камсыз кылууга көмөктөшө алат, башка бир жагдайларда ал коомдогу баш аламандыктын, пикир келишпестиктердин жана деструктивдик процесстердин булагы болуп калышы да мүмкүн.

Кыргызстанда калктын, өзгөчө жаштардын арасында диний көз караштардын таасири, динге ишенгендердин саны өсүп жаткандыгына карабастан, дин маданиятынын тарыхы боюнча билимдердин жетишсиздиги тынчсызданууну пайда кылууда.

Коомдо, динге ишенбегендердин арасында да динге, анын тарыхтагы, маданияттагы жана коомдун турмушундагы ролуна кызыгуусу өсүүдө. Мындай кызыкчылык, жалпы маданий таанып-билүүчүлүк мүнөзгө ээ болгон, дин маданияты тууралуу объективдүү илимий билимдерге муктаждыкты пайда кылды. Бул муктаждыктар мамлекеттик мектептерде дин маданиятынын тарыхын окутуу системасын түзүү аркылуу канаттандырылат.

Коомдо дин маданиятынын тарыхын окутуу системасын жолго коюуга муктаждык, диндин жана диний уюмдардын коомдун турмушунда, улуттар аралык мамилелерде, мамлекеттик курулушта олуттуу роль ойногондугу менен да шартталган. Ошондуктан, диний факторду мыйзамдарды иштеп чыгууда жана өркүндөтүүдө, коомдун түрдүү чөйрөлөрүн башкарууда, мамлекеттик бийлик органдарынын коомду баш коштурууга, социалдык, этностор, конфессиялар ортосундагы тынчтыкка жана ынтымакка жетишүүгө багытталган бүткүл ишмердигинде эсепке алууга тийиш. Бул саясий жана коомдук ишмерлердин, мамлекеттик кызматкерлердин, чарбалык жетекчилердин, маданият, билим берүү жана күч структураларынын органдарынын жана мекемелеринин кызматкерлеринин кеңири чөйрөсүнө дин маданиятынын тарыхы тууралуу билимдерди жетиштүү көлөмдө берүүнү талап кылууда.

Азыркы учурда Кыргызстанда дин маданиятынын тарыхы тууралуу билим берүү калыптануу баскычында гана болуп, айрым жогорку окуу жайлардагы дин таануу кафедралары жана айрым мектептердеги дин таануу курстары менен гана чектелүүдө.

Коомчулукта дин маданиятынын тарыхы тууралуу маалымат алууга муктаждык, алардын чөйрөсүн, мазмунун жана функцияларын так чектөө маселесин коюуда. Ушул эле учурда, дин маданиятынын тарыхын окуп-үйрөнүү менен байланышкан билим берүүнүн тигил же бул түрү, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашырууга шарт түзүүгө

тийиш. Ошентип, алдыга коюлган проблемалардын жогорку социалдык маанилүүлүгү жана курчтугу, аны тез арада чечүүнү талап кылат.

Ушуга байланыштуу, жогорудагы коркунучтарды профилактикалоо жана алдын алуу үчүн, мамлекет жалпы орто билим берүү боюнча окуу планына, тарых, адеп жана жаран таануу курстарынын курамында «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизет.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу коомдогу мамилелерде ийкемдүүлүктү, толеранттуулукту калыптандыруунун өзөгү болуп калууга тийиш. Республиканын диний эмес (светтик) жана динчил бөлүгүнүн ортосундагы көз караштык ажырым, өз ара ишенбөөчүлүктү пайда кылып, ал өз кезегинде, бир улуттук мамлекеттин ичинде, бири-бирине ишеним артпаган, эки коомдук-саясий – динчилдер жана динге ишенбегендер жамааттарынын пайда болушуна алып келиши мүмкүн. Ошондой эле, негизинен «диний» сабатсыздык жана диний эмес калктын дин жөнүндөгү маалыматтарынын өтө төмөнкү деңгээли менен шартталган, «диний эмес» радикализмдин пайда болуу тенденциясынын ачык-айкын байкала баштагандыгын да белгилөө зарыл.

Коомдун ичиндеги гармониялуу мамилелерди, руханий-адептик өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн ушул концепция сунуш кылынууда. Бул жаш, өсүп келе жаткан муундардын жашоосуна сабырдуулук, адептүүлүк, патриотизм, чынчылдык жана адилеттүүлүк сезимдерин калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Анткени, дин баары бир коомдогу кылмыштуулуктун ар кандай түрлөрүнө каршы профилактикалык чараларды көрүүнүн, ошонун ичинде, ар кандай деструктивдик, экстремисттик жана террористтик идеологиялардын таасиринен коргоонун натыйжалуу ыкмасы катары кала берерин, адамзаттын тарыхы көргөзүүдө.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун программаларында, көңүл борборун жалпы (бардыгын бириктирүүчү) кызыкчылыктарга топтоштуруу зарыл. Ушуларга таянып, жалпы орто билим берүүдө «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча окуу программаларын жана окутуучулардын ишмердигин баалоонун критерийин иштеп чыгуу зарыл.

Мында «Дин маданиятынын тарыхы» курсун берген окутуучу, руханий сапаттарга ээ, интеллектуалдык жактан өнүккөн, активдүү турмуштук позициясы бар, билимдүү, эң жаңы илимий жетишкендиктерге дайыма умтулган, өзүн ар тараптан өркүндөтүү менен алектенген, түгөнгүс интеллектуалдык изденүүчүлүк менен жашаган, күндөлүк тиричиликтин түгөнгүс суроолоруна заманбап жана оптимисттик жоопторду бере алган окутуучу болууга тийиш экендиги эсепке алынууга тийиш.

Жогоруда белгиленген проблемаларды анализдөө, «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизүү, калктын динге ишенген да, динге ишенбеген да бөлүгүнүн диний ой жүгүртүүсүн өзгөртүп, толеранттуулуктун денгээлин жогорулата алат. Башкача айтканда, мусулман калкы көпчүлүктү түзгөн диний эмес (светтик) мамлекеттин шартында, коомдогу социалдык жана руханий-адептик проблемаларды чечүүгө карата диний көз караштарды «азыркы заманга» ылайыкташтырат.

Ошондуктан, аталган концепцияда жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартына, жаңы «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизүүнү сунуш кылат, ал:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын жарандарынын, билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын камсыз кылууну;

- билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик органдары тарабынан жалпы билим берүүчү уюмдарда дин маданиятынын тарыхын окуп-үйрөнүү боюнча мурда даярдалган маалыматтык-методикалык материалдардын мазмунун эсепке алуу менен иштеп чыгуу.

Концепция азыркы көп көз караштуу жана көп конфессиялуу кыргыз коомундагы окуучуларга руханий-адептик билим берүү проблемасын чечүүнүн социомаданий, илимий-педагогикалык жана уюштуруу жолдорун ачып берип, ошонун ичинде, окуучуларды Кыргызстандын элдеринин салттуу диндеринин, Дүйнө элдеринин диндеринин тарыхый жана маданий негиздерине аралаштырууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Концепция Кыргыз Республикасынын балдарына жана жаштарына жалпы орто билим берүү, аларды тарбиялоо жана коомго аралаштыруу процессинде, окуучуларга руханий-адептик билим берүүнү өркүндөтүүгө багытталган.

Концепцияда сунуш кылынган дин маданиятынын тарыхын системалуу үйрөнүү, жалпы билим берүүчү (диний эмес же светтик) мектептерде, окуучуларды өз үй-бүлөсүнүн, элинин руханий-адептик баалуулуктарына жана каада-салттарына жуурулуштурууга мүмкүнчүлүк берет.

## 1. Жалпы жоболор

Дин – адамдын социалдык жана руханий ишмердигинин түрдүү жактары менен байланышкан көп аспектилүү феномен. Ошондуктан, түрдүү илимдин өкүлдөрү – философтор, тарыхчылар, социологдор, психологдор, этнологдор, культурологдор анын тигил же бул аспектилерин изилдөө менен алектенишет.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун өздөштүрүү – түрдүү көз караштагы адамдар менен маектешүү көндүмдөрүнө ээ болууга көмөктөшөт. Жыйынтыгында, бул жарандык ынтымакка жана адамдардын ортосундагы мамилелерди гармониялаштырууга, ошонун ичинде, диний жана диний эмес көз караштын өкүлдөрүнүн ортосундагы мамиледе сабырдуулукту орнотууга көмөктөшөт.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасындагы билим берүдө, окутуунун *теисттик (диний) жана диний эмес (светтик) формасы бар.*

*Теисттик форма же диний окутуу* сөзсүз түрдө өзүнө диний практикага окутууну жана диний практиканын өзүн, б.а., диний ырым-жырымдарды жана жөрөлгөлөрдү аткарууну болжолдойт жана камтыйт, ал диний кадрларды даярдоо, диний уюмдардын окутуу жана калк арасында динди таратуу ишмердиги менен байланышкан. Мындай формада динди окутуу, дин кызматкерлерин даярдап, даярдалган кадрларды диний бирикмелерге тартуу максатын койгон, диний окуу жайлар жана уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

*Окутуунун диний эмес (светтик) формасы же дин таануучулук билим берүү,* динди диний-маданият таануучулук (культурологиялык) планда окутууну болжолдойт. Максаттары жана жүзөгө ашыруу формалары боюнча диний эмес (светтик), мазмуну боюнча тарыхый билим болуп, диний практикага окутууну болжолдобойт жана камтыбайт.

Билим берүүнүн диний эмес (светтик) мүнөзү, Кыргыз мамлекетинин билим берүү жаатындагы саясатынын негиз болуучу принциптеринин бири болуп саналат. Ал Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана тиешелүү мыйзамдарда бекемделген. Анын маңызы, билим берүүнүн жана тарбиялоонун мамлекеттик системасы, динге карата тигил же бул көз карашты калыптандыруу максатын көздөбөгөндүгүндө турат.

Билим берүүнүн диний эмес (светтик) мүнөзү, төмөндөгүлөрдү болжолдойт:

1. Мамлекеттик билим берүү мекемелеринде, окуучуларга жана студенттерге белгилүү бир конфессиянын диний ишенимдерин таркатуу максатында динди окутууга, билим берүүчү программаларда жана милдеттүү сабактардын торчосунда диний предметтерди киргизүүгө жол берилбейт.

2. Диний уюмдардын мамлекеттик билим берүү мекемелериндеги окуу процессинин мазмунуна жана окутуу-тарбиялоо иштерин уюштурууга кийлигишүүгө, билим берүү стандартына ылайык келген окуу программаларынын, окуу китептеринин мазмунуна, алар тараптан болуучу цензурага жол берилбейт.

3. Мамлекеттик окуу жайлардын имараттарында диний символиканы, сыйынуучу предметтерди жайгаштырууга, сыйынуу жана диний ырым-жырымдарды өткөрүүгө, диний жана дааватчылык (миссионердик) мүнөздөгү иш чараларды уюштурууга, диний пропаганданын бардык формаларына тыюу салынат.

4. Мамлекеттик мектеп бардык диндердин же конфессиялардын өкүлдөрүнүн бир динден экинчи динге өтүүсү же прозелитизм үчүн тыюу салынуучу аймак болуп саналат.

Маселени мындай коюу, окуучуларды дин менен, диний феномендердин көп түрдүүлүгү, алардын тарыхтагы, маданияттагы, адамзаттын жана айрым өлкөлөрдүн жана элдердин азыркы жашоосундагы ролу менен кеңири таанышуу мүмкүнчүлүктөрүн жана зарылдыгын чектебейт. Бул билимдер билимдүү адам үчүн, адамзат топтогон маданияттын жогорку деңгээлине, кругозордун кеңдигине, руханий-адептик баалуулуктарды, ошонун ичинде, көз караштык, диний жана улуттук сабырдуулук принциптерин өздөштүрүүнүн толуктугуна жетишүү үчүн зарыл.

Мамлекеттик билим берүү стандартындагы бул функцияны тарых жана жаран таануу курсунун курамында жана факультативдик жана тандоосу боюнча «Дин маданиятынын тарыхы» курсу аткарып, анда дин тарыхый, философиялык жана культурологиялык планда каралат.

Билим берүүнүн диний эмес (светтик) мүнөзү атеизм эмес: мамлекеттик мектептерде атеисттик пропаганда да, диний пропаганда да болбоого тийиш.

Эркин ой жүгүртүүнүн жана атеизмдин тарыхын жана концепцияларын, алардын коомдун руханий маданиятынын өнүгүшүндөгү ордун окуп-үйрөнүү тарых жана анын курамына кирген «Дин маданиятынын тарыхы» курсунда жана башка гуманитардык сабактарда жүзөгө ашырылат.

Дин бул жерде, жалпы адамзаттык моралга негизделген, маданияттын феномени катары да, баалуулуктарды жана нормаларды иштеп чыгуунун механизми катары түшүнүлөт.

Дин тууралуу билим берүүнүн илимий деңгээлин камсыз кылуу жана анын мазмунуна конфессиялык таасирди болтурбоо үчүн диний жана дин маданиятынын тарыхы тууралуу билим берүүнүн айырмачылыктарын бир катар параметрлер боюнча так белгилөө зарыл.

| **Диний билим берүү** | **Дин маданиятынын тарыхы** |
|---|---|
| **Максаттардагы айырмачылыктар** | |
| Диний ишенимди окуучулардын аң сезимине киргизүү жана аны бекемдөө, кудайды таанып билүү | Окуучуларды социалдык көрүнүш жана маданий көрүнүш катары дин, анын коомдун, конкреттүү элдердин жана инсандын руханий турмушундагы орду тууралуу билимдер менен куралдандыруу |
| Белгилүү диндин догматтарын жана ырым-жырымдарын, анын буйруктарын жана жүрүш-туруш эрежелерин окутуу | Жогорку маданий потенциалга, кеңири кругозорго ээ болгон инсанды калыптандыруу |
| Жыйынтыгы: кудайга ишенген инсанды тарбиялоо | Жыйынтыгы: көз караштык, диний жана улуттук сабырдуулукка тарбиялоо |
| **Мазмундагы айырмачылыктар** | |
| Дин окуусун, дин акыйкатын, конкреттүү диндин (конфессиянын) догматтарын өздөштүрүү | Социалдык көрүнүш жана маданий көрүнүш катары дин маданиятынын тарыхын билүү (анын пайда болуу табияты, тарыхый өнүгүүсү) |
| Конкреттүү диндин (конфессиянын) ыйык китептерин окуп үйрөнүү | Конкреттүү өлкөлөрдүн жана элдердин тарыхындагы жана маданиятындагы ролу тууралуу билүү |
| Диний сыйынуу эрежелеринин нормалары | Библия, Куран жана башка диндердин ыйык китептерин маданий тарыхый эстелик катары тааныштыруу |
| Окутууну кудайга кызмат өтөө менен бириктирүү | Түрдүү диндердин дин окууларынын жана динге сыйынуусунун өзгөчөлүктөрүн, адептик нормаларын жана баалуулуктарын |

| | |
|---|---|
| | билүү |
| Адептик, сыйынуучулук буйруктардын, нормалардын жана баалуулуктардын системасы | Эркин ой жүгүртүү жана атеизм жана алардын адамзаттын жана айрым элдердин руханий маданиятындагы ролу тууралуу билүү |
| **Жоопкерчилик субъектилери боюнча айырмачылыктар** | |
| Конфессиялардын жетектөөчү органдары, тиешелүү бөлүмдөрү, регионалдык башкармалары, диний фонддор | Билим берүүчү уюмдары бар, КР билим берүү жана илим Министрлиги, башка министрликтер жана ведомстволор |
| Дин кызматкерлерин даярдоочу диний окуу жайлар | Жогорку окуу жайлар |
| Теологдорду жана диний сабактардын окутуучуларын даярдоочу университеттер жана институттар | |
| Диний тарбия менен айкалышып, жалпы билим берүү максатын көздөгөн – конфессиялык жалпы билим берүүчү окуу жайлар (гимназиялар, лицейлер, мектептер) | Мамлекеттик орто жана кесиптик орто окуу жайлары |

Мамлекеттик билим берүү мекемелериндеги билим берүүнүн диний эмес (светтик) мүнөзүн камсыз кылуу, билим берүүнүн мамлекеттик системасын уюштурууда, бул билим берүүнүн мазмунун аныктоодогу мамлекеттин өзгөчө укуктарын, диний уюмдардын бул процесске кийлигишүүсүнө жол берилбестигин, диний билим берүүнү жана диний окууларды пропагандалоону диний эмес (светтик) мектептин ишмердигинин чөйрөсүнөн тышкары чыгаруу дегенди билдирет.

Билим берүү жана тарбиялоо процессин жүзөгө ашыруучу мамлекеттик билим берүүчү мекеме динге нейтралдуу жана динге карата тигил же бул мамилени калыптандыруу максатын көздөбөйт. Бул диний эмес (светтик) мектептеги диний эмес (светтик) билим берүү түшүнүгүнүн негизин түзөт.

Диний эмес (светтик) мектеп динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги принцибин сактоонун гарантынын ролун ойнойт. Диний билим берүү жана тарбиялоо окуу программаларында каралган эмес, бирок ал балдардын, алардын ата-энелеринин же опекундарынын каалоосу боюнча диний эмес (светтик) мектептен тышкары учурда диний билим алуусуна тоскоолдук көрсөтпөйт.

### 1.1. Жалпы билим берүүчү мекемелердин окуу пландарына «Дин маданиятынын тарыхы» курсу киргизүүнүн социомаданий жана укуктук негиздери.

Кыргыз Республикасындагы билим, ошонун ичинде, дин тууралуу жана диний билим берүүнүн укуктук мейкиндиги, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин указдарынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйруктарынын, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим Министринин буйруктарынын системасы менен түзүлөт жана жөнгө салынат. Мамлекеттик башкаруу органдары (министрлик, ведомстволор) менен айрым конфессиялардын ортосунда түзүлгөн келишимдер, макулдашуулар, ниеттер тууралуу протоколдор да, аны оптималдаштырууда белгилүү роль ойнойт.

«Кыргыз Республикасында дин маданиятынын тарыхын окутуу концепциясы» Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын 1-статьясына жана 16-статьясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 3-статьясына жана Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар

жөнүндө» мыйзамынын 4-статьясына, дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясынын жана башка мыйзамдык-нормативдик документтердин жоболоруна ылайык түзүлгөн.

Кыргыз Республикасында жарандардын динге ишенүү же ишенбөө эркиндиги, динине карабастан тең укуктуулугу гарантияланган. Азыркы кыргыз мамлекетинин демократиялык мүнөзү, түрдүү социалдык топтордун көз караштык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эсепке алууну болжолдойт. Мисалы, Кыргызстандын коомунун диний бөлүгү, жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик системасында билим, билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документтерди алууга болгон спецификалык муктаждыктарын жүзөгө ашырууга укуктуу. Мамлекет бул муктаждыктарга урматтоо менен кароого жана аларды, коомдун динге ишенбеген бөлүгүнүн кызыкчылыктарын жана укуктарын, жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды сактоо менен канаттандырууга тийиш.

Кыргыз мамлекетинин диний эместиги (светтик мамлекет) тууралуу Конституциялык принцип, мамлекеттин диний бирикмелерден бөлүнгөндүгүн бекемдейт, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишмердигине диний уюмдардын ишмердиги менен алмаштырууга жол бербейт. Ошол эле мезгилде, ал мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын диний уюмдар менен билим берүү жаатында, жарандардын билим алуу боюнча муктаждыктарын канаттандырууда өз ара аракеттенүүлөрүнө тоскоолдук кылбайт. Мындай өз ара аракеттенүүлөр, кызматташтык азыркы көптөгөн демократиялык, диний эмес мамлекеттер үчүн адаттагы эле практика.

Баланын кызыкчылыктарын жана конституциялык укуктарын, ата-энеси балдарын конфессиялык эмес, мамлекеттик мектептерге бере тургандыгын эске алып, динге ишенүү же ишенбөө жана диний ишенимдерин эркин тандоо укуктарын жана милдеттерин камсыз кылуу зарылдыгына көңүл буруу керек.

Азыркы шарттарда, мындай өз ара аракеттенүүлөр топтолгон практиканы эсепке алуу менен, биринчи кезекте, билим берүү уюмдарында «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну окуу-методикалык адабияттарды экспертизалоо маселесинде кызматташууга жол ачат. Мындан тышкары, окуучуларды улуттук маданиятка интеграциялоо, тарбиялоо, коомго аралаштыруу, социалдык чектен чыгууларды алдын-алууга маселелери, ж.б. өз ара кызматташуунун предмети болуп саналат.

### 1.2. Жаңы «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизүүнүн максаты, милдеттери жана принциптери.

**«Дин маданиятынын тарыхы» курсунун негизги максаты:**

***– Окуучуларды диндин, анын диний-маданий баалуулуктары менен тааныштыруу, окуучулардын руханий жана адептик-ыймандык маданиятын калыптандыруу. Ал коом тарабынан азыркы доордун чакырыктарына жана көп конфессиялуу жана толеранттуу коомдо толук кандуу катарлаш жашоосунун негизги шарттарынын бири катары каралууда.***

**Жогоруда белгиленген максатка жетүү үчүн, <u>төмөндөгүдөй милдеттерди чечүү зарыл:</u>**

— курстун окуу-методикалык материалдарын даярдоо;

— окуу процессин уюштуруу;

— жаңы курс боюнча адис-педагогдорду даярдоо;

— жаштар арасында диний экстремизмге каршы аракет кылуу;

— жаштарга ар кандай диний, деструктивдик багыттардын жана агымдардын таасирин алдын алуу;

— жалпы орто билим берүү уюмдарында диний эмес көз караштык мамилелердин негизинде иштелип чыккан, тарых, жаран таануу окуу курстарында дин маданиятынын тарыхы тууралуу билимдерди окуп-үйрөнүү практикасын тартипке келтирүү;

— жакынкы келечекте коомдун диний жана диний эмес тараптарын интеграциялоо.

**«Дин маданиятынын тарыхы» курсун жалпы билим берүүчү мектептердин окуу пландарына киргизүүнүн принциптери:**

— билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын динге ишенүү же ишенбөө жана каалаган динин тутуу эркиндигинин конституциялык гарантияларын сактоо;

— дин маданиятынын тарыхы тууралуу билим берүүнүн мазмунун түзүүдө бардык диндерге бирдей мамиле жасоо жана бир дагы динге же диндерге артыкчылык бербөө;

— расасына, улутуна, этникалык, диний жана социалдык тегине карабастан Кыргыз Республикасындагы адамдардын, элдердин ортосундагы жарандык тең укуктуулукту сактоонун, өз ара түшүнүшүүнү жана кызматташтыкты өнүктүрүүнүн негизинде коомдогу жарандык ынтымакты сактоо жана бекемдөө;

— ар бир окуучунун жалпы орто билим берүү системасында жалпыга жеткиликтүү билим алуу укугу жана мамлекеттик мектептерде кабыл алынган эреже-нормаларды сактоого ар бир окуучунун, үй-бүлөнүн, ата энелердин балдары үчүн жоопкерчилиги;

— балдарды тарбиялоодо, алардын көз караштарын жана маданий иденттүүлүгүн калыптандырууда үй-бүлөгө артыкчылык берүүнүн жалпыга таанылган принциби;

— диний жана башка көз караштарды калыптандыруучу, идеологиялык уюмдардын балдардын көз караштарынын калыптануусуна жана маданий өзүн-өзү аныктоо маселесине кийлигишпөөсү.

## 1.3. «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмуну жана структурасы.

Дин маданиятынын тарыхы социалдык-гуманитардык билимдердин бирдиктүү жана ошол эле мезгилде көп тармактуу бөлүгү.

Төмөндөгүлөр «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмунун конструкциялоонун негиз болуучу принциптери болуп саналат:

— мектеп динди элдердин тарыхынын жана алардын өз ара мамилелеринин маанилүү фактору катары тааныштырууга тийиш;

— диндер — маданияттын феномени, демек, «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун башкы милдети — окуучуларды ыйык жазуулардагы негизги персонаждар жана сюжеттер менен тааныштыруу, ансыз адабияттагы, көркөм искусстводогу, музыкадагы шедеврлерди, тилдердин бүтүндөй бир катмарларын түшүнүүгө мүмкүн эмес;

— «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун маанилүү жана актуалдуу милдети — окуучуларга түрдүү диндерди туткан элдердин каада-салттары, адеп-ахлагы, тиричилигин тууралуу түшүнүк берүү; ошондо алар, элдин турмушунда, дегеле тарыхта «жөн эле» болбогонун, дин — бир гана сыйынуу эрежелери эмес, жашоо образы жана көптөгөн жолу чыпкадан өткөн турмуштук баалуулуктардын системасы экендигине ынанышат;

— орто мектептердеги «Дин маданиятынын тарыхы» курсу, жаш муундардын адептик баалуулуктарынын жана адамдык мамилелеринин моралынын калыптануусуна таасир эте ала тургандыгына жараша зарыл.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу теологиядан жана диний философиядан айырмаланып, Кудайдын жана анын атрибуттарынын болгондугун далилдөө проблемасы менен алектенбестен, диндин өзүн (диний аң сезимди, диний ишмердикти, диний мамилелерди жана диний уюмдарды) маданияттын реалдуу контекстинде, б.а. экономикалык жана социалдык турмуш, саясат, илим, мораль, искусство менен байланышта окуп үйрөнөт.

«Дин маданиятынын тарыхы» курсун өздөштүрүү – окуучулардын диндин табияты, мазмуну, тарыхы жана социалдык функциясы тууралуу илимий негизделген көз караштарын калыптандырууга багытталган, билим берүүчү жана тарбиялоочу таасир көрсөтүүнүн уюшулган процесси. Мындай өздөштүрүү билим берүүнү гуманитарлаштырууга, көз караштарын, руханий баалуулуктарын эркин аныктоого

олуттуу көмөк көрсөтөт. «Дин маданиятынын тарыхы» курсу көз караштык жана конфессионалдык толеранттуулукту калыптандыруу, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашырууга көмөктөшүү максатын көздөйт.

Республиканын орто мектептеринде «Дин маданиятынын тарыхы» курсу үч баскыч менен окуп-үйрөнүү зарыл;

1) башталгыч баскыч (5-класс);
2) ортонку баскыч (6-9-класс);
3) жогорку баскыч (10-11-класс).

Билим берүү тармагында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жана республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жаңы шарттарын эске алуу менен биз жалпы билим берүүчү орто мектептерде (базалык) тарых курстарынын алкагында жана өз алдынча факультативдик курс катары «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун төмөнкүдөй окуу планын сунуш кылабыз:

1. 5-класста «Дин маданиятынын тарыхы боюнча аңгемелер» курсу окутулат, жумасына 1 саат, жылына 34 саат.
2. 6-класста «Байыркы дүйнөнүн диний ишенимдери» курсу, жумасына 1 саат, жылына 34 саат.
3. 7-класста «Дүйнөлүк диндер» курсу, жумасына 1 саат, жылына 34 саат.
4. 8-класста «Ислам маданиятынын тарыхы» курсу, жумасына 1 саат, жылына 34 саат.
5. 9-класста «Кыргыз элинин дин маданиятынын тарыхы» курсу, жумасына 1 саат, жылына 34 саат.
6. 10-класстарда «Ааламдашуу доорундагы дүйнөлүк диндер» курсу, жумасына 1 саат, жылына 34 саат.
7. 11-класстарда «Азыркы Кыргызстандагы диндер» курсу, жумасына 1 саат, жылына 34 саат.

**Курстун төмөндөгүдөй альтернативдүү аталыштары да сунуш кылынат:**

- «Дин маданиятынын негиздери»;
- «Дүйнөлүк диндердин маданиятынын негиздери»;
- «Дин жана жалпы адамзаттык баалуулуктар»;
- «Диний-маданий баалуулуктар».

Диндин кыйла татаал деңгээлдеги теориялык-методологиялык, философялык-этикалык, тарыхый аспектилерин камтыган «Дин таануу» предмети, республиканын жогорку окуу жайларында окутуу сунуш кылынат.

### 1.4. «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну уюштуруу.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн от 2006-жылдын 6 майындагы № 324 токтому менен бекитилген «Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясы»,** «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну уюштуруу үчүн негиз болуп саналат.

Билим берүү уюмдарында «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутуу үчүн төмөнкү шарттар зарыл:

1) аталган окуу курсун окутуу үчүн даярдалган жана аны окутууну каалаган, зарыл педагогикалык квалификациясы бар мугалимдин болушу.
2) окуу курсун окутуу үчүн зарыл окуу-методикалык камсыздоонун болушу.

Билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик органдары өз компетенцияларынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде, жарандардын билим алууга болгон муктаждыктарын канаттандыруу үчүн көрсөтүлгөн шарттардын болушун камсыз кылуу боюнча иш чараларды уюштурат жана жүзөгө ашырат.

**1.5. «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча мугалимдерди окутууга жолдомо берүүнүн шарттары.**

«Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча мугалимдердин талапкерлиги төмөнкү шарттар менен аныкталат:

1) аталган курсту окутууга мугалимдин макулдугу;

2) жалпы билим берүүчү мектепте мугалим катары иштөөгө жолдомо берүү үчүн зарыл болгон педагогикалык квалификациянын болушу;

3) «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутуу үчүн зарыл болгон «дин таануучу» сыяктуу атайын квалификациянын, же аталган адистикке даярдоо, кайра даярдоо жөнүндөгү күбөлүктүн, сертификаттын, дипломдун болушу.

**2. «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмуну жана аларды стандартташтыруу.**

Азыркы учурда жалпы билим берүүнүн мамлекеттик компонентиндеги предметтерди окутуу, мамлекетттик билим берүү стандартынын, ошонун ичинде, билим берүүнүн мазмунунун милдеттүү минимумунун жана болжолдуу программалардын негизинде жүргүзүлүп, аларды иштеп чыгуу жоопкерчилиги билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик органдарына жүктөлөт.

Билим берүүнүн аталган баскычтарындагы окуу курсу боюнча кабыл алынган дидактикалык жана методикалык талаптарды эсепке алуу менен, аталган баскычтагы билим берүүнүн болжолдуу мазмунун бардык элементтерин тиешелүү окуу программаларында иштелип чыгылып, окуу китептеринде ачылып берилет.

«Дин маданиятынын тарыхы» курстарынын мазмуну адамдардын, элдердин, түрдүү расалык, улуттук, этникалык, диний жана социалдык топтордун ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташууга көмөктөшүүгө, көз караштык мамилелердин түрдүүлүгүн эске алууга, окуп жаткандардын өз көз караштарын жана ынанымдарын эркин тандоосуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө тийиш.

Кыргызстанда салттуу жана салттуу эмес диндердин болушу, бир диндин өкүлдөрүнүн ортосунда да саясий позициялардын көп түрдүүлүгү, мамлекеттик билим берүү системасын уюштуруунун конституциялык-укуктук негиздерин кыйшаюусуз сактоо зарылдыгын белгилейт.

Мамлекеттик түрдүү типтеги окуу жайларда дин тууралуу билимдерди окутуу керекпи деген суроого оптималдуу жооп берүү үчүн, аны талкуулоону идеологиялык тирешүүнүн чектеринен тышка алып чыгуу керек жана аны социомаданий, этикалык, педагогикалык аспектиде кароо максатка ылайыктуу.

5-11-класстар үчүн «Дин маданиятынын тарыхы» курстары боюнча болжолдуу окуу программаларын даярдоого жана экспертизалоого илимий борборлордун кызматкерлери, жогорку окуу жайларынын окутуучулары, педагогдор, билим берүү мекемелеринин методисттери, окуу колдонмолорунун иштеп чыгуучулары, ошондой эле, өлкөдөгү салттуу конфессиялардын өкүлдөрү (макулдашуу боюнча) тартылат.

**3. Жаңы «Дин маданиятынын тарыхы» курсун жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына киргизүү боюнча иштерди пландаштыруу.**

Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын системасына «Дин маданиятынын тарыхы» курсун киргизүүнү жүзөгө ашыруу, этап-этабы менен, иш чаралардын деталдык планына ылайык, өлкөдөгү социалдык-экономикалык кырдаалды, адистер менен, окуу-методикалык жактан камсыз болуу абалын эсепке алуу менен жүзөгө ашырылат.

2014-2015-окуу жылынан тартып «Дин маданиятынын тарыхы» курсу республиканын сынак өтүүчү окуу жайларында курсту киргизүү аркылуу башталат.

Аталган концепцияны жүзөгө ашыруу динге ишенген жана динге ишенбеген адамдардын ортосундагы ишенбөөчүлүктөрдү нейтралдаштырууга шарт түзүп, өз ара ишенимди бекемдөө жолундагы алгачкы кадам болуп калат. Аталган концепция боюнча план ченемдүү иштердин натыйжасында, методикалык материалдар, жаңы окуу китептери иштелип чыгат жана кандайдыр-бир деңгээлде материалдык база чыңдалат.

**Аталган концепцияны жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй даярдоо иштерин жүргүзүү зарыл:**

1. Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлигинде, дин маданиятынын тарыхын окутуу концепциясын, «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча болжолдуу окуу программасын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн жумушчу топ түзүү. Анын ишине зарыл тажрыйбасы жана кесиптик квалификациясы бар, илимий борборлорунун адистери катышууга тийиш.

2. Педагогикалык тажрыйбаны изилдөө, аны эсепке алуу менен окуу курсу боюнча болжолдуу окуу программаларын жалпылоо.

3. Нормативдик-укуктук базаны иштеп чыгуу. Билим берүүнү башкаруунун борбордук жана регионалдык органдарына, «Дин маданиятынын тарыхы» курсун окутууну уюштуруу боюнча билим берүү мекемелеринин жетекчилерине, деталдашкан сунуштарды, көрсөтмөлөрдү, маалыматтык-методикалык материалдарды, ошонун ичинде, педагогдорго окутууга жолдомо берүү процедурасын даярдоо.

4. «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча тажрыйбаны окуп-үйрөнүү, жалпылоо жана мугалимдерди даярдоо системасын түзүү. Педагогикалык жогорку окуу жайлар үчүн жаңы окуу курстарын киргизүү, жалпы орто билим берүү уюмдарында билим берүүнүн баскычтары боюнча келечектеги мугалимдерди даярдоо системасын түзүү.

5. Жалпы билим берүүчү мектептеги окутуу-тарбиялоо процессин актуалдуу программалар, окуу китептери жана окуу куралдары менен жабдуу. «Дин маданиятынын тарыхы» курсунун мазмуну билимдердин эки булагы: илимий борборлор жүргүзгөн академиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары жана ар диний бирикмелер сунуш кылган материалдар менен аныкталат. Диний уюмдар бере турган материалдарда башка конфессиялар тууралуу терс баалар же жеке көз караштар болбогону маанилүү. Бул маселеде ММК, тактап айтканда, теле көрсөтүү олуттуу роль ойнойт. Теле көрсөтүү аркылуу диндердин тарыхы проблемасы боюнча окуу сабактарын уюштурса максатка ылайыктуу болот.

6. Сынак өткөрүү үчүн республиканын бардык областтарынын бирден мектеп жана борбордон бир нече мектеп тандалып алынат. Апробация иштери региондор менен бирдикте «Дин маданиятынын тарыхы» курсу боюнча окуу программаларынын, окуу китептеринин жана окуу курсу боюнча зарыл сандагы даярдалган мугалимдердин болгондугуна жараша киргизилет. Аталган Концепциянын жоболорунун негизинде, педагогикалык жана ата-энелер коомчулугунун кеңири катышуусу, жарандык коомдун институттарынын көзөмөлдүгү астында, бардык иш-аракеттерди жана иш-чараларды жүзөгө ашыруу, бардык деңгээлдерде ачык жана жаап-жашырылбастан жүргүзүлүүгө тийиш.

**Түзүүчүлөр: КР БИМнин алдындагы жумушчу топ.**